И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д. 10.19.594. диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын Шаршеева Камиля Каныбековнанын «Азыркы кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусу жана анын аспектуалдык маанилери менен байланышы» деген темада 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине берген

## КОРУТУНДУ ПИКИРИ

**Диссертациялык кеңеште корголо турган кандидаттык иштин адистикке тиешелүүлүгү.** Шаршеева Камиля Каныбековнанын «Азыркы кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусу жана анын аспектуалдык маанилери менен байланышы» аттуу кандидаттык иши диссертациялык кеңештин багытына шайкеш келет. Иштеги изилдөөнүн мазмуну 10.02.01 – кыргыз тили адистигине дал келет.

**Изилдөөнүн максаты** – кыргыз тилинин фактысында кыймыл-аракеттин чактык локалдашуу семантикалык категориясынын маани-мазмунун, туюнтуу каражаттарын, сүйлөм түзүмүндөгү бул категориянын аспектуалдык маанилерин, өз ара аракеттешүү мүнөзүн системалуу түрдө. Бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй **милдеттерди** аткаруу талап кылынат:

1) Кыймыл-аракеттин чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук маселесинин жалпы жана орус тил илимдеринде изилденишин камтыган илимий адабияттарды аналитикалык серептен өткөрүү аркылуу диссертациялык изилдөөнүн теориялык базасын түптөө;

2) кыймыл-аракеттин чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук категориясын уюштуруучу негизги каражаттардын бири болгон этиштик түр

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№ 94-10-19 «2» 09 2021 ж/г

категориясынын жалпы жана орус тил илимдериндеги, түркология жана кыргыз тил илиминдеги изилдениш абалы менен анда орун алган олуттуу көз караш-концепцияларды териштирүү;

3) чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук категориясынын кырдаалдардык темпоралдык-аспектуалдык мүнөзүнө жана башка темпоралдык маанилер менен болгон байланышына талдоо жүргүзүү;

4) кыймыл-аракеттин чактык локалдашпоочулугуна тиешелүү болгон адаттуулук, жалпы чактык жана жөнөкөй кайталануучулук маанилерин карап чыгуу жана алардын семантика-функционалдык өзгөчөлүктөрүнө токтолуу;

5) кыймыл-аракеттин чактык локалдашуучулук/локалдашпоочулук категориясынын функционалдык семантикалык талаасын маңызын теориялык жактан аныктоо.

**Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу.** Кыймыл-аракеттин, ал-абалдын, кырдаалдын, окуянын, процесстин убакыт огунда ченеп бычылып, белгиленип, убакытка чакталып, чакталыш же чактык локалдашуу категориясын уюштурушу тил илиминдеги татаал жана өзөк маселелерден экендиги жана ал тил таанымда күнү бүгүнкүгө чейин так чечилишин таппай келген тил системасынын функционалдык табияты жана жандуу кеп-дискурстун жаралыш механизми, андагы грамматикалык, деривациялык, лексикалык ж.б. категориялардын ролу, грамматиканын өзөгүн түзгөн этиштин ыңгай-чак, чак-түр, чак-жак категорияларынын татаал катышы сыяктуу бир катар маселелер менен байланышары анык. Диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу кыргыз тилиндеги кыймыл-аракеттин чактык локалдашуу категориясынын уюшулуш каражаттарынын тактоо жана алардын аспектилик, акционсарттык маанилерин ачып көрсөтүү сыяктуу олуттуу маселелердин бүгүнгө чейин атайын иликтенбегендиги менен аныкталат.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыктары катары төмөнкүлөрдү эсептөөгө болот:**

1) түр категориясынын изилдениш тарыхын ачып берүүгө багытталган аналитикалык серептин жасалышы;

2) семантикалык категориянын функционалдык өңүтүнө жана кыймыл-аракеттин чактык локалдашуу/локалдашпоочулугуна байланыштуу маселелердин териштирлиши жана диссертациялык изилдөөнүн теориялык базасынын түптөлүшү;

3) чактык локалдашуу/локалдашпоо категориясын уюштурган семантикалык талаасынын түзүлүшүнө байланыштуу фактылардын анкталышы;

4) кыргыз тилиндеги чактык локалдашуунун кыймыл-аракеттин узакка созулушун жана анын түрлөрүн туюндурган каражаттардын аныкталышы;

5) кыргыз тилиндеги чактык локалдашпоонун кыймыл-аракеттин жөнөкөй кайталануучулугу, адаттуулугу (узуалдуулугу), убакыттын жалпылыгы сыяктуу негизги үч тибинин жана аларды туюндурган каражаттардын аныкталышы.

**Диссертацияда сунушталган ар бир илимий жобонун, натыйжанын жана корутундунун илимий жактан негизделиш деңгээли.**

Диссертациялык иште чыгарылган илимий-теориялык тыянактар жана алынган натыйжалар, табылгалар кыргыз тилинин функционалдык грамматикасына тиешелүү маселелерди иликтөөдө өз салымын кошо алат. Иштин теориялык мааниси кыймыл-аракеттин чактык локалдашуу семантикалык категориясына көп вектордуу функционалдык илик жүргүзүлгөндүгү аркылуу аныкталат. Диссертация жеке илимий-квалификациялык иш катары бааланат жана анда иштелип чыккан теориялык жоболордун курамы илимий жетишкендик жана концепция катары бааланат.

**Диссертацияда сунушталган ар бир илимий натыйжанын, жобонун, корутундунун жаңылык деңгээли:**

1) түр категориясынын изилдениш тарыхын ачып берүүгө багытталган аналитикалык сереп кыргыз тил илими үчүн жаңы, бирок жалпы тил илими үчүн жаңы эмес;

2) семантикалык категориянын функционалдык оңүтүнө жана кыймыл-аракеттин чактык локалдашуу/локалдашпоочулугуна байланыштуу маселелердин териштирлиши жана диссертациялык изилдөөнүн теориялык базасынын түптөлүшү - бул натыйжа да кыргыз тил илими үчүн жаңы, бирок жалпы тил илими үчүн жаңы эмес;

3) чактык локалдашуу/локалдашпоо категориясын уюштурган семантикалык талаасынын түзүлүшүнө байланыштуу фактылардын анкталышы - бул натыйжа да кыргыз тил илими үчүн жаңы;

4) кыргыз тилиндеги чактык локалдашуунун кыймыл-аракеттин узакка созулушун жана анын түрлөрүн туюндурган каражаттардын аныкталышы - бул натыйжа да кыргыз тил илими үчүн жаңы;

5) кыргыз тилиндеги чактык локалдашпоонун кыймыл-аракеттин жөнөкөй кайталануучулугу, адаттуулугу (узуалдуулугу), убакыттын жалпылыгы сыяктуу негизги үч тибинин жана аларды туюндурган каражаттардын аныкталышы - бул натыйжа да кыргыз тил илими үчүн жаңы

**Теориялык жана колдонмо багыттагы маселелерди чечүүдө изилдөөдөн алынган натыйжалардын наркы.**

Изилдөөдөн алынган жыйынтыктар менен жоболор кыргыз тил илиминин өркүндөшүнө олуттуу салым кошот жана келечекте кыргыз функционалдык грамматикасынын бир тармагы катары морфологиялык семантиканын сүйлөм чегиндеги темпоралдык жана аспектуалдык маанилерин ачып көрсөтүү өбөлгө түзөт. Алар изденүүчүнүн илимий таанымды, анын методдорун терең өздөштүрүп, аларды өз изилдөөсүндө ийкемдүү пайдалангандыгынан, лингвистиканын, анын ичинде аспектологиянын жетишкендиктерин терең өздөштүргөндүгүнөн кабар берет. Ушундан улам иликтөөнүн жыйынтыктарынын далилдүүлүгү ишенимдүү, ынанымдуулук даражасы жогору. Изилдөөнүн деңгээли кандидаттык диссертациянын квалификациялык белгилерине толук жооп берет.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык мааниси.**

Диссертациянын жыйынтыктары, материалдары илимий-изилдөөчүлүк, билим берүүчүлүк практикалык мааниге ээ. Тактап айтканда, алар кыргыз тилинин функционалдык грамматикасы боюнча жождордо филология, түркология, журналистика факультеттеринде лекцияларды окууда, морфология жана синтаксис боюнча семинардык сабактарды, атайын курстарды өтүүдө, студенттер, магистранттар, аспиранттар жана Phd докторанттар үчүн окуу-методикалык куралдарын иштеп чыгууда пайдаланса болот.

**Диссертациянын негизги жоболору, натыйжалары жана корутундуларынын жарыяланышы, тастыкталышы.**

Иштин мазмуну боюнча 11 макала жарыяланган, анын ичинде Кыргызстанда Ринц индексине кирген 8 макала жана чет элдик РИНЦ тизмесине катталган 3 макала бар. Алар төмөнкүлөр:

1. Кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусу [Текст] / К.К.Шаршеева // И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. Филологиялык илимдер. -2010. -№ 4. – С 195-198.

2. Түр категориясынын жалпы тил илиминде изилдениши [Текст] / К.К. Шаршеева // И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университеттин Жарчысы. Лингвистика институту. Филолгиялык илимдер. – 2015. -№18. – С. 170-176.

3. Түрк тилдериндеги түр категориясынын изилдениши [Текст] / К.К.Шаршеева // И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Жарчысы. Лингвистика институту. Филологоиялык илимдер. – 2015.-№18. – С. 177-187.

4. Кыргыз тилинде түр маселесинин каралышы [Текст] /Шаршеева К.К.// Наука и образование: инновация, интеграция и развитие: Н34 материалы III Международной научно-практической конференции (Уфа, 29-30 апреля 2016г.) / отв. ред. О.Б. Нигматуллин. – Уфа: РИО ИЦИПТ, 2016. – С 106-112.

5. Чактык локалдашпоонун типтери [Текст] / К.К.Шаршеева // Известия вузов Кыргызстана.-2017.-№1. – С. 255-258 Сайт:www.science-journal.kg

6. Азыркы кыргыз тилинде узакка созулган кыймыл-аракеттин локалдашуусу [Текст] / К.К.Шаршеева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. -2018.-№2. – С 251-253 Сайт:www.science-journal.kg

7. Убакыттык жалпылык, анын берилиши [Текст] / К.К. Шаршеева // Alatoo Academic Studies. -2018.-№1. – С. 81-86. Сайт: www.iaau.edu.kg/aas

8. Азыркы кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусу жана семантикалык категориянын жалпы мүнөздөмөсү [Текст] / К.К. Шаршеева // Вестник КРСУ. -2019. -№10. – С. 86-92. Сайт: www.vestnik.krsu.edu.kg;

9. Азыркы кыргыз тилиндеги чактык локалдашуучулук/ локалдашпоочулуктун функционалдык семантикалык талаасы [Текст] / К.К. Шаршеева // VII Глобальная наука и инновации 2019. Центральная Азия №2(7). Сентябрь-Октябрь 2019. Международный научно-практический журнал Нур-Султан, Казакстан 25-28 сентярь. – Нур-Султан, 2019.

10. Аспектуалдык маанилердин мазмуну жана типтери [Текст] / К.К. Шаршеева // Вестник КРСУ. -2020. –Том 20 №2. – С. 157-167. Сайт: www.vestnik.krsu.edu.kg;

11. Языковые средства, выражающие семантику простой повторяемости действия в кыргызском языке [Текст] / К.К. Шаршеева // Бюллетень науки и практики. -2020. -№3. – С. 634 - 640/ Сайт: https://www.bulletennauki.com.

**Автореферattын диссертациянын мазмунуна дал келиши.** Авторефераттын кыргызча, орусча эки нускасы тең диссертацияда коюлган изилдөөнүн максат-милдеттерине дал келет. Авторефератта кыргыз, орус жана англис тилдеринде резюме берилген.

**Диссертацияда орун алган кемчиликтер.** Диссертациялык иште түркологиядагы, анын ичинен кыргыз тил илиминдеги эмгектер толук эске алынбай калган жана иштин кортундусунда клечекте аны кайсы багытта

улантуу керектиги көрсөтүлгөн эмес. Иште техникалык мүнөздөгү калпыстыктар учурайт.

**Жетектөөчү мекемени, расмий оппоненттерди дайындоо боюнча сунуштун негизделиши.**

Шаршеева Камиля Каныбековнанын «Азыркы кыргыз тилинде кыймыл-аракеттин чактык локалдашуусу жана анын аспектуалдык маанилери менен байланышы» деген темада 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясы талаптагы деңгээлде аткарылган, жеке эле кыргыз тили үчүн эмес, жалпы түрк тилдери үчүн да теориялык жана практикалык мааниге ээ маселелерди камтыган илимий-квалификациялык эмгек деп табылат жана КР ЖАКнын кандидаттык диссертацияларга коюлуучу талаптарына жооп берет. Диссертация И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д. 10.19.594. диссертациялык кеңеште 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча коргоого кабыл алууга жана ачык коргоого коюуга сунушталат.

Шаршеева Камиля Каныбековнанын диссертациялык иши үчүн сунушталган оппоненттер жана жетектөөчү мекеме.

**1. Жетектөөчү мекеме:** Ош мамлекеттик университетинин кыргыз тили кафедрасы. Дареги: 723500, Ош шаары, Абсамат Масалиев проспектиси, 95/1

**2. 1-расмий оппонент: Садыков Ташполот** - филология илимдеринин доктору, К.Карасаев атындагы БМУнун кыргыз жана түрк тилдеринин теориясы кафедрасынын профессору.

*Эмгектери*:

1. Проблемы моделирования тюркской морфологии.- Фрунзе: Илим, 1987. -128 с.

2. Кыргыз-түрк салыштырма грамматикасынын негиздери. Б: 2010, 479 б. (авторлош).

3. Азыркы кыргыз тили: морфология. Б: 1997, 294 б. (авторлош).

4. Кыргыз тобунун тектештирме грамматикасынын негиздери. – Ош, 2017. - 603 б. (авторлошу).

**3. 2-расмий оппонент: Абдиев Таалайбек Камбарович** – филология илимдеринин кандидаты, доцент, Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин доценти.

***Эмгектери:***

1. Конструкции с каузативными глаголами в киргизском языке: автореферат дис. ... кандидата филологических наук: 10.02.22 / Санкт-Петербург. ун-т. - Санкт-Петербург, 1996. - 16 с. - Языки народов зарубежных стран Азии, Африки, аборигенов Америки и Австралии

2. Конструкции с каузативными глаголами в киргизском языке. Бишкек, 2009.

3. Конструкции с каузативными глаголами в киргизском языке. Саарбрюккен, Германия, 2015.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү,**
**филология илимдеринин**
**доктору, профессор** **Т.САДЫКОВ**

КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛА КАДРОВ
«01» 09 2021 ж.

Эксперттик комиссиянын мүчөсүнүн колун тастыктайм.
Окумуштуу катчы С. Карабаева